**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№ 1 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 24-октябры, Ош шаары**
**Төрага – п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев**
**Катчы – ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **Ош МПУнун 2022-2023-окуу жылы үчүн түзүлгөн Окумуштуулар кеңешинин, ректордогу апталык жыйындын, университеттин окуу-тарбиялык иш планын бекитүү (Баяндамачы:** окуу иштери боюнча проректор б.и.к., проф. К.Т. Раимбеков)**.**
2. **Ош МПУнун окуу-тарбия иштери боюнча 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттери (Баяндамачылар:** окуу иштери боюнча проректор б.и.к., проф. К.Т. Раимбеков жана ректордун тарбиялык иштер жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жардамчысы М. Назымов**).**
3. **Магистратурадагы адистиктерди өздүк аттестациядан өткөрүүнүн жыйынтыгы (Баяндамачы:** аспирантура жана магистратура бөлүмүнүн башчысы т.и.к., доцент Н. Сагынбай кызы).
4. **Ар түрдүү маселелер:**

4.1. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору Кыргызстан калкы Ассамблеясынын Ош облусу боюнча төрөгасы, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Нурунбетов Балтагул Аттокуровичти КРдин Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын "Кыргыз тили” төш белгиси менен сыйлоого сунуштоо жөнүндө.

4.2. Кыргыз Республикасынын «Эмгек кодексинин» 145-беренесин жана «Билим берүү» мыйзамынын 32-беренесин жетекчиликке алуу менен мугалимдердин кесиптик майрамына жана илим күнүнөө карата Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин кызматкерлерине атайын каражаттардын эсебинен сый акы төлөп берүү жөнүндө.

4.3. **Аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн илимий темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү жөнүндө:**

Изденүүчү **Бердибекова Кулийпа Турдибековнанын** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **«Болочок мугалимдердин интернетти колдонуудагы компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздери»** аталышындагы диссертациялык ишинин темасын жана илимий жетекчи катарында **п.и.д., профессор Х.Ф. Анаркуловду** бекитүү жөнүндө.

**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№ 2 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 28-ноябры, Ош шаары**
**Төрага – п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев**
**Катчы – ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча комиссиянын аткарган иштеринин жыйынтык отчету** (Баяндамачы: кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Т. Ысаков).
2. **2021-2022-окуу жылында электрондук башкаруу, мобилдүүлүк жана чет өлкөлүк студенттер менен иштөө бөлүмүнүн аткарган иштери жана алдыдагы милдеттери** (Баяндамачы: бөлүм башчы Э. К. Арынбаев).
3. **Конкурстук шайлоо.**
4. **Ар түрдүү маселелер:**

4.1. **Аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн илимий темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү жөнүндө:**

1. Педагогика илимдеринин кандидаты **Арынбаев Эралы Калиловичтин** 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча **“Болочок информатика мугалимдеринин МКТ компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикалык системасы”** аталышындагы докторлук диссертациясынын темасын бекитүү жана илимий кеңешчи катарында **п.и.д., профессор Калдыбаев Салидин Кадыркуловичти** бекитүү жөнүндө.

**2.** Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын окутуучусу **Абдурасулова Роза Камбаровнанын** 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча **“К.К. Юдахиндин сөздүгүндөгү диалектизмдер”** деген аталыштагы кандидаттык диссертациясынын темасын бекитүү жана илимий жетекчи катарында **ф.и.д., профессор Ибраим Абдувалиевди** бекитүү жөнүндө.

**3.** Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын окутуучусу **Орозалиева Таттуугүл Коңурбаевнанын** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча **“Орто мектептерде прозалык чыгармалар аркылуу окуучуларды эмгекчилдикке тарбиялоо”** деген аталыштагы кандидаттык диссертациясынын темасын бекитүү жана илимий жетекчи катарында **п.и.д., профессор Зулуев Бекмурза Бекболотовичти** бекитүү жөнүндө.

**4.**2. Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын аспиранты **Жыпаргүл Айтибаеванын** 10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча жазылган **“Баш” концептинин вербалдашуусу”** аталышындагы кандидаттык диссертациясынын адистигин алдын ала талкуунун жыйынтыгы менен иштин аткарылуу адистигин 10.02.01 – кыргыз тили адистигине өзгөртүү жөнүндө.

**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№ 3 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 19-декабры, Ош шаары**
**Төрага – п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев**
**Катчы – ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **2021-2022-окуу жылында тышкы байланыштар жана инвестиция департаментинин аткарган иштери жана алдыдагы милдеттери** (Баяндамачы: департаменттин башчысы э.и.к., доцент Т.Т. Субанов).
2. **2021-2022-окуу жылында мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу бөлүмүнүн аткарган иштери жана алдыдагы милдеттери** (Баяндамачы: бөлүм башчы Ж.Р. Шербаева).
3. Конкурстук шайлоолор
4. Ар түрдүү маселелер:

4.1. Адистиктер боюнча магистрдик диссертациялардын жана квалификациялык иштердин темаларын бекитүү жөнүндө.
4.2. «Ош МПУда электрондук документ жүргүзүү жөнүндө» жобону бекитүү жөнүндө.
4.3. “Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун мугалимдерине жана кызматкерлерине социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө жобонун” негизинде кыматкерлерге материалдык жардам иретинде бир жолку берилүү акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө. (*Кызматкерлер: 1. Базарбек Дүйшөбаев – административдик корпустун коменданты. 2. Айсулуу Абдыкадырова – окуу бөлүмүнүн усулчусу. 3. Муктар Пайзилдаев – мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу бөлүмүнүн кызматкери).*
4.4. Баткен облусунун жабыркаган чек арадагы айылдарынан келип Ош МПУда келишимдик негизде окуп жаткан студенттерге 2022-2023-окуу жылында турак-жайы өрттөнүп кеткен студенттерге 100%, турак-жайы жабыркаган студенттерге 50% келишимдик акыдан жеңилдик берүү жөнүндө (студенттердин тизмеси тиркелет).
4.5. Жылдын жыйынтыгы менен кызматкерлерге 13-айлык акыны төлөп берүү жөнүндө.
4.6. 2022-2023-окуу жылында окутуп-тарбиялоо ишинде активдүүлүгүн көрсөтүп, үзүрлүү эмгектенген Ош МПУнун окутуучуларын акчалай сыйлык менен сыйлоо жөнүндө (тизме тиркелет).
4.7. “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын көзөмөлчүлүк кеңештерин түзүү жөнүндө” №307/1 буйругунун негизинде түзүлгөн Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин курамын окуу жайдын финансы каражаттарын эффективдүү пайдаланууда, материалдык каржы маселелерин ачык-айкын көзөмөлдөөгө кошкон салымы үчүн сый акы менен сыйлоо жөнүндө (курамдын тизмеси тиркелет)
4.8. **Аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн илимий темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү жөнүндө:**

1. Изденүүчү **Айпери Байыш кызынын** 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **“Ош шаарын таза суу менен камсыздоонун табигый шарттардан көз карандылыгы”** аталышындагы диссертациялык ишинин темасын жана илимий жетекчи катарында **г.и.д., профессор Топчубаев Аширбек Бердибековичти** бекитүү жөнүндө.

2. Изденүүчү **Токтобаева Света Сыргаковнанын** 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **“Фергана кырка тоосунун түштүк-батыш капталынын суу ресурстарына жана анын геоэкологиялык өзгөчөлүктөрүнө комплекстүү баа берүү”** аталышындагы диссертациялык ишинин темасын жана илимий жетекчи катарында **г.и.д., профессор Топчубаев Аширбек Бердибековичти** бекитүү жөнүндө.

3. Ош МПУнун аспиранты **Сидикова Гулзода Абдигафуровнанын** 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча **“Кыргыз тилиндеги иранизмдер”** деген аталыштагы диссертациялык ишинин темасын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **“5-6-класстын окуучуларына Чыңгыз Айтматовдун повесттери аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары”** аталышындагы темага өзгөртүп кайрадан бекитүү жана илимий жетекчи катарында **п.и.д., профессор Зулуев Бекмурза Бекболотовичти** бекитүү жөнүндө.

4. Изденүүчү **Бегалиева Толкун Ибрагимовнанын** 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **“Грамматика менен кептин материалдарын айкалыштырып окутуунун жаңы технологиялары”** аталышындагы диссертациялык ишинин темасын жана илимий жетекчи катарында **п.и.д., профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичти** бекитүү жөнүндө.

**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№ 4 ПРОТОКОЛУ**

**2023-жылдын 30-январы, Ош шаары**
**Төрага – п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев**
**Катчы – ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

**КҮН ТАРТИБИ:**

*1.* **2022-жылдагы илимий иштердин жыйынтыгы жана алдыдагы милдеттери** *(Баяндамачы: илимий иштер боюнча проректор б.и.к., доцент Р. Р. Абсатаров)*

*2.* **Факультеттерде сырттан окуу формасындагы студенттерге билим берүүнү уюштуруу сапатын анализдөө** (*Баяндамачы: комиссиянын төрагасы Э. Абдибалиев* )

**3.** Конкурстук шайлоолор

**4.** Ар түрдүү маселелер:

**4.1. Илимий, окуу-усулдук эмгектерди басмага сунуштоо жөнүндө:**

1. Дүйнөлүк тилдер кафедрасынын улук окутуучусу Р.К. Караева, п.и.к., доцент Ш.А. Адинаевдердин “Язык и когнитивная лингвистика” аталышындагы окуу-усулдук колдонмосун басмага сунуштоо жөнүндө.
2. П.и.к., доцент Т.К. Торошовдун “Формирование ключевых компетенций на уроках русского языка в 5-6 классах школ кыргызским обучения” аталышындагы монографиясын басмага сунуштоо жөнүндө.
3. Колледж бөлүмүнүн окутуучусу Б. Касымалы уулунун “Спорт метрологиясы боюнча лекциялар курсу” аталышындагы усулдук колдонмосун басмага сунуштоо жөнүндө.
4. Колледж бөлүмүнүн окутуучусу Э. Сейдакматованын “Мектепке чейинки балдардын кебин өстүрүү” (авторлор М.М. Алексеева, В.И. Яшина), “Мектепке чейинки педагогика” (авторлор С.А. Козлова, Т.А. Куликова), “Балдардын сүйлөө кебин өнүктүрүү” (автор А.М. Бородич) аттуу котормолорун басмага сунуштоо жөнүндө.

4.6. **Аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн илимий темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү жөнүндө:**

1. Ош МПУнун аспиранты **Наргүл Бекмуратованын** 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча **“Англис тили сабагында көркөм тексттерди класстан тышкары колдонууну уюштуруунун технологиялары”** аталышындагы диссертациялык ишинин темасын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **“Окуучулардын мекенчилдик сезимин жана экологиялык сабаттуулугун калыптандыруунун педагогикалык шарттары (англис адабиятынын негизинде)”** аталышындагы темага өзгөртүп кайрадан бекитүү жана илимий жетекчи катарында **п.и.д., профессор Сатканбай Момуналиевди** бекитүү жөнүндө.
2. Изденүүчү **Мадиярова Чолпон Абдилазизовнанын** 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **“Кесиптик билим берүүдө азыркы табият таануу концепциясын жана экологияны Ч. Айтматовдун чыгармаларын жана “Кожожаш” эпосун колдонуу менен окутуу”** аталышындагы диссертациялык ишинин темасын жана илимий жетекчи катарында физика-математика илимдеринин доктору, профессор Тайиров Миталип Муратовичти бекитүү жөнүндө.
3. Ош МПУнун аспиранты **Жыпаргүл Айтибаеванын** 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылып жаткан диссертациясына илимий жетекчи катарында **ф.и.д., профессор Мадмарова Гулипа Араповнаны** бекитүү жөнүндө.

**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

**2023-жылдын 3-марты, Ош шаары**
**Төрага – п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев**
**Катчы – ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **2022-2023-окуу жылынын I жарым жылдыгында Ош МПУда окуу-тарбия иштери боюнча аткарылган иштердин жыйынтыгы (***Баяндамачы: окуу иштери боюнча проректор, профессор К.Т. Раимбеков, тарбия иштери жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча ректордун жардамчысы М. Назымов).*
2. **2022-жыл үчүн финансылык жана экономикалык иштер боюнча отчет (***Баяндамачы: башкы бухгалтер э.и.к., доцент Р.А. Абылов)*
3. Конкурстук шайлоолор.
4. Ар түрдүү маселелер:

**4.1.** "Кыргыз Республикасында илимий педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо жөнүндөгү" Жобого ылайык жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программалары (аспирантура) боюнча кошумча төмөнкү илимий адистиктерди ачуу жөнүндө:

1. **07.00.00 - тарыхый илимдер:** 07.00.02. – ата мекен тарыхы; 07.00.07. - этнография, этнология жана антропология.
2. **03.00.00 - биологиялык илимдер:** 03.02.08.- экология (тармактар боюнча).
3. **25.00.00 - жер жөнүндө илимдер**:25.00.36.- геоэкология (илимдин тармактары боюнча); 25.00.23.- физикалык география жана биогеография, топурак географиясы жана ландшафттык геохимия.
4. **10.00.00 - филологиялык илимдер:**10.02.06- түрк тилдери; 10.02.20.- тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими.
5. **09.00.00 - философиялык илимдер:** 09.00.11.- социалдык философия; 09.00.03.- философиянын тарыхы.
6. **13.00.00 – педагогикалык илимдер:** 13.00.08 – кесиптик билим берүүнун теориясы жана методикасы

4.2. 550300 Филологиялык билим берүү: кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты адистиктеринин 3-курсунун окуу планында белгиленген кесиптик-базалык практиканын өтөө мөөнөтүн жылдыруу жөнүндө (1-майдан 27-майга чейин белгиленген 3-апрелден 29-апрелге чейинки мезгилге жылдыруу)

4.3. Б.и.к., доцент Р. Р. Абсатаровдун "Ош шаарындагы Juniperus Virginian L" эгилмелерин биоэкологиялык баалоо" аттуу монографиясын басмага сунуштоо жөнүндө.

4.4. Ош МПУнун 2022-2023-окуу жылында аспирантура бөлүмүнө кабыл алынган аспиранттардын илимий темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү жөнүндө (тизме тиркелет).

**4.4. УГУЛДУ:**

Ош МПУнун 2022-2023-окуу жылында аспирантура бөлүмүнө кабыл алынган аспиранттардын илимий темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү жөнүндө

**4.4.ТОКТОМ КЫЛАТ**:

Ош МПУнун 2022-2023-окуу жылында аспирантура бөлүмүнө кабыл алынган төмөнкү аспиранттардын илимий темалары жана илимий жетекчилери бекитилсин.

| № | Аты -жөнү | Туул-ган жылы айы, күнү | Адистиктин аталышы, шифри, илимий темасы | Илимий жетекчисинин аты-жөнү, илимий даражасы |
|---|---|---|---|---|
| **Өндүрүштөн ажыратып (күндүзгү)** | | | | |
| 1. | Нурали уулу Шайназар | 11.12.1992 | 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы боюнча (информатика) “**Мугалимдин МКТ (маалыматтык-коммуникациялык технологиялар) копетенттүүлүгүн жогорулатуунун технологиялары”** | п.и.д., профессор Мамбетакунов Уланбек Эсенбекович |
| 2. | Сатимбаева Аида Калыбековна | 14.10.1990 | 02.00.01-Органикалык эмес химия адистиги **“Металлдардын N-(5-Нитро-2-фурфурилиден) - 3-аминооксазолидон - 2 менен болгон координациялык бирикмелеринин синтези жана касиеттери”** | х.и.к., профессор Бабеков Анарбай Ураимович |
| 3. | Айтибаева Алия Айтибаевна | 24.03.1992 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча “**Мектеп окуучуларына гумандуулук тарбия берүүдө класс жетекчинин ишмердүүлүк өзгөчөлүктөрү**”. | п.и.д., профессор Акматов Кыялбек Камутович |
| 4. | Исамидин кызы Айгүл | 27.05.1996 | 02.00.03 - Органикалык химия адистиги боюнча “**Кыргызстандын Түштүк аймагында өсүүчү Уй беде (Красный клевер) өсүмдүгүнө фитохимиялык анализ**” | х.и.к., профессор Бабеков Анарбай Ураимович |
| 5. | Исамидин уулу Бектурали | 17.05.1996 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча “**Болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларын кыргыз паремиялары аркылуу адеп-ахлактык жактан тарбиялоого даярдоо**” | п.и.д., профессор Алимбеков А. |
| 6. | Келдибаева Нурила Адылбековна | 16.10.1990 | 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы боюнча “**Профессор К.Артыкбаевдин “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” окуу китебин ЖОЖдордо окутуунун технологиялары” (филологиялык адистиктер үчүн)** | п.и.д., профессор Үкүева Б.К. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | Тенишова Клара Жарашбековна | 08.04.1988 | 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) боюнча "**Башталгыч мектепте адабий окуу сабактарында көркөм текстти үйрөнүүнүн формалары жана методдору"** | п.и.д., профессор Сакиева С.С. |
| 8. | Абдразак кызы Айзат | 16.03.1996 | 03.02.01 - Ботаника адистиги боюнча "**Түштүк Кыргызстандын шартында жогорку түзүлүштөгү суу өсүмдүктөрүн интродукциялоо**" | б.и.к., профессор Раимбеков Каныбек Тургунович |
| **Бюджеттик негизде (өндүрүштөн ажыратпай бөлүнгөн) сырттан** | | | | |
| 1. | Гапарова Гүлаим Икрамовна | 23.10. 1982 | 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана усулу (англис тили) адистиги боюнча "**Чет тилин окутуу процессинде студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандыруу**". | п.и.к., доцент Сыдыкова Толгонай Мирзахмедовна |
| 2 | Мамарасулова Элвира Ташмурзаевна | 20.02. 1987 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча "**Кыргыздын элдик салттары аркылуу болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоого даярдоо"** | п.и.д., профессор Алимбеков А. |
| 3. | Малабеков Мелис Абдисаламович | 21.12. 1987 | 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы боюнча (математика) "**7-9 класстардын геометриясы боюнча түйүндүү маселелерди окутуунун дидактикалык негиздери**" | п.и.к., профессор Мадраимов С. |
| 4. | Заилова Жумагүл Жусупбаевна | 11.09. 1987 | 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча "**Башталгыч класстарда адабий чыгармаларды окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын өркүндөтүүнүн методикасы"** | п.и.д., профессор Муратов А. |
| 5. | Турсунбаева Нурмира Султаналиевна | 14.12. 1986 | 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы боюнча – "**Башталгыч класстардын математикасы боюнча мультимедиялык каражаттарды пайдаланып окутуунун дидактикалык негиздери".** | п.и.к., профессор Мадраимов С.М. |
| 6. | Рахманова Элиза Акбаровна | 24.12. 1976 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча "**Англис тилин окутууда маалыматтык-коммуникативдик** | п.и.д., профессор Зулуев Б.Б. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары (колледждин мисалында)”** | |
| 7. | Осмонова Махабат Азимбаевна | 02.12. 1978 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча “**Мектеп окуучуларынын эмоционалдык интеллектин өнүктүрүүдө оюн ыкмаларын колдонуунун педагогикалык шарттары (англис тили сабагынын мисалында)**” | п.и.д., профессор Акматов Кыялбек Камутович |
| 8. | Кадыров Самат Камчыбекович | 27.02. 1983 | 10.02.01- Кыргыз тили адистиги боюнча “**Ч. Айтматовдун повесттериндеги эпитеттер (“Жамийла”, “Биринчи мугалим”, “Бетме-бет”)**” | ф.и.д., профессор Абдувалиев И. |
| 9. | Таабалдиева Айнур Абдырахмановна | 07.07. 1977 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча “**Кенже мектеп курагындагы окуучулардын акыл-эсин, сезимин жана чыгармачылыгын өстүрүүдө элдик педагогиканын ролу**” | п.и.д., профессор С.Момуналиев |
| **Келишимдик негизде (өндүрүштөн ажыратпай бөлүнгөн) сырттан** | | | | |
| 1. | Үсөнова Гүлжамал Келдибековна | 26.10.1968 | 13.00.02 – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы боюнча (кыргыз адабияты) адистиги боюнча “**Адабий окуудагы элдик педагогиканын баалуулуктарын окутуунун илимий методикалык негиздери”** | п.и.д., профессор Сакиева С.С. |
| 2. | Камалова Айнура Ырысбаевна | 16.04.1973 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча “**Жогорку окуу жайдын студенттерине экологиялык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары (география сабагынын мисалында)**” | п.и.д., профессор Акматов Кыялбек Камутович |
| 3. | Абдукадырова Бегимай Абдурахмановна | 04.07.1996 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча “**Мектеп окуучуларынын инсандыгын өнүктүрүүнүн, баалуулуктарды окутуп-үйрөтүүнүн педагогикалык шарттары**” (6-7-класстын мисалында) | п.и.д., профессор Акматов Кыялбек Камутович |
| 4. | Мелсов Келдибек Жылдызбаевич | 29.10.1993 | 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча “**Азыркы мектепте класс** | п.и.д., профессор |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **жетекчинин ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары**” | Акматов Кыялбек Камутович |
| 5. | Жакыпбаева Аида Сапарбаевна | 16.05.1975 | 13.00.08 - Кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча “**Развите готовности педагогов к использованию цифровых технологий обучения и учреждениях дополнительного образования**” | п.и.д., профессор Раимкулова Ажарбубу Супуровна |
| 6. | Толонбаева Чинар Торобаевна | 14.09.1972 | 13.00.08 - Кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча “**Педагогическое сопровождение развития у педагогов дополнительного образования готовности к инновационального образования”** | п.и.д., профессор Раимкулова Ажарбубу Супуровна |

**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№ 6 ПРОТОКОЛУ**

**2023-жылдын 2-майы, Ош шаары**
**Төрага – п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев**
**Катчы – ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

**КҮН ТАРТИБИ:**

*1.* **Университеттеги адистиктерди көз карандысыз аккредитацияга даярдоонун абалы** *(Баяндамачы: аккредитация жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башкы адиси У. Нажимидинов)*

2. **Конкурстук шайлоолор.**
3. **Ар түрдүү маселелер:**

3.1. П.и.к. Зырапа Абдывасиеваны "педагогика" адистиги боюнча доценттик илимий наамды алуу үчүн КР Президентине караштуу УАКка сунуштоо жөнүндө.

3.2. **Аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн илимий темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү жөнүндө:**

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын доценти **ф.и.к. Келдибай кызы Майрамкандын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги** боюнча **"Эгемендүүлүк жылдарындагы кыргыз прозасынын өнүгүү тенденциялары"** аталышындагы филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык ишинин темасын жана илимий кеңешчи катарында **ф.и.д., профессор Лайли Үкүбаеваны** бекитүү жөнүндө.

**3.3 Илимий, окуу-усулдук эмгектерди басмага сунуштоо жөнүндө:**

1. Б.и.к., профессор Г.К. Омуралиева, К.Б. Кошуева, С.Т. Момбековдордун авторлугунда түзүлгөн "Омурткалуулардын зоологиясы предмети боюнча окуу-талаа практикасын өткөрүү" үчүн усулдук колдонмосун басмага сунуштоо жөнүндө.
2. Т.и.к., доцент С. Осмоновдун "Кыргыз улуттук мамлекетинин башаты: Совет доору, автономия жылдары (1924-1936)" аталышындагы монографиясын басмага сунуштоо жөнүндө.
3. Г. Көлбаева, Т. Орозалиевалар тарабынан түзүлгөн "Кыргыз тили жана адабияты боюнча тесттер жыйнагын" басмага сунуштоо жөнүндө

3.4. 18-май Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин түзүлгөн күнүнө карата кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө

3.5. Ош МПУнун дене тарбия жана табигый илимдер кафедрасынын башчысы Нурмаматова Кулуда Ураимовнаны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ардак грамотасы менен сыйлоого, мамлекеттик тил кафедрасынын башчысы Т. Осекованы Кыргыз Республикасынын арадак грамотасы менен сыйлоого сунуштоо жөнүндө.

**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№ 7 ПРОТОКОЛУ**

**2023-жылдын 29-июну, Ош шаары**
**Төрага – п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев**
**Катчы – ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **Ош МПУдагы бүтүрүүчү адистиктер боюнча МАКтын төрагаларынын билдирүүлөрү** (Баяндамачы: МАКтын төрагалары, факультеттин декандары)
2. **Факультеттерде 2023-2024-окуу жылына карата абитуриенттерди кабыл алуу боюнча аткарылган профориентациялык иштердин сапаты** (Баяндамачы: кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы М. Малабеков )
3. **Ар түрдүү маселелер:**

3.1. Ош МПУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана студенттеринин илимий изилдөөлөрүнө ички гранттарды берүү жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө